Бишкек шаарынын мэриясы
Билим берүү башкармалыгы
Свердлов району
**№87 жалпы орто билим берүү мектеби**
Келечек жаңы конушу
Келечек көчөсү 1/1
Телефондор: 67-45-50, 67-47-68

Мэрия города Бишкек
Упрравлениие образования
Свердловского района
**средняя общеобразовательная школа №87**
ж/м Келечек
ул.Келечек 1/1
телефоны: 67-45-50, 67-47-68

---

**2022 жыл**

№ 39 буйруктун көчүрмөсү

**Мектепте Жарандык Коргонуу күнүн**
**өткөрүү жөнүндө**

Свердлов районунун Кутүүсүз Кырдаалдар бөлүмүнүн планын аткаруу жана Жарандык Коргонуу күнүн өткөрүү боюнча

буйрук кылам:

1.2022-жылдын 16-майында №87 жалпы орто билим берүү мектебинде Жарандык Коргонуу күнү өткөрүлсүн.
2.Жарандык Коргоо күнүн өткөрүүдө комиссиянын курамы төмөндөгүдөй түзүлсүн:
-комиссиянын төрайымы-Жарандык Коргоонун башчысы –Исанова Ж.М.
-комиссиянын мүчөлөрү-аскерге чейинки даярдоо мугалими –Баштыкбаев Б.Т.
-спорт иштери боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштуруучу-
Эсеналиев Ж.М.
-мугалимдер, мектеп парламенти, мед.айым.
Жарандык Коргоо күнүндө ачык сабактарды өтүү үчүн биология, тарых, география мугалимдери Мусабекова Б.Б, Казакова Н.О, Сагынбекова А.Ж.
Султанова А.Ч.
милдеттендирилсин.
4. Штабдын башчысы Баштыкбаев Б.Т. Жарандык Коргоо күнүнүн планын иштеп чыгуу
милдеттендирилсин.
5. Класс жетекчилер Жарандык Коргоо күнүн өткөрүүдө коопсуздук чаралары менен окуучуларды тааныштырышсын.
6. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Директор: Исанова Ж.М.

Бекитемин
№87 жалпы орто билим
берүү мектебинин директору :
Исанова Ж.М.
"16" 05 2022-жыл

**Жарандык Коргонуу күнүн өткөрүүгө карата даярдык көрүүнүн планы**

**№87 жалпы орто илим берүү мектеби Свердлов району Бишкек шаары**

**16.05.2022**

| № | Иш чаралардын аталышы | мөөнөтү | жооптуу | эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жарандык Коргонуу штабынын нормативдик документтери менен педагогикалык жамаатты тааныштыруу | 16.05.2022 | Мектеп директору жана орун басарлары | |
| 2 | Жарандык коргонуу күнүн өткөрүүдө аткаруучу кызматкерлердин милдеттери жана ирээттүүлүктү сактоону үйрөнүү | 16.05.2022 | Жарандык коргоо штабына бекитилген жооптуулар | |
| 3 | Террористик кол салуу, жаратылыштык жана техникалык күтүүсүз кырдаалдар, барымтага алуу темаларынын алкагында класстык сааттарды өткөрүү | 16.05.2022 | Класс жетекчилер 1-11-класстар | |
| 4 | Жарандык Коргонуу күнүн өткөрүү, жалпы эвакуциялоо | 16.05.2022 | Мектеп администрациясы | |
| 5 | Жарандык Коргонуу күнүнүн өтүшү боюнча жалпы линейка өткөрүү жана жыйынтыгын чыгаруу | 16.05.2022 | Класс жетекчилер, тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сагынбаева Г.М. | |

**Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Сагынбаева Г.М.**

**Жарандык Коргонуу боюнча өткөрүлгөн машыгуунун отчету**

№87 жалпы орто билим берүү мектебинде 2022-жылдын 16-майда саат $11^{40}$ да Жарандык Коргонуу боюнча машыгуу болуп өттү. Машыгуунун жүрүшүн мектеп ичинде түзүлгөн комиссия курамы жана окуучулардан ыкчам кабарлоо тобу, санитардык кызмат көрсөтүү топтору өз милдеттерин толук кандуу аткарышты. Машыгууга эртең мененки сменде окуган 1160 окуучу жана 60 мугалим катышты. Бул жолку машыгууда “Өрт тилсиз жоо”, деген темада өткөрүлдү. Окуучуларды өрт кырсыгы катталганда коопсуз эвакуациялоо пландары боюнча ар бир кабаттын жооптуу кызматкерлери жана мугалимдер тайпасы 3 мүнөт аралыгында сыртка алып чыгышып, жакшы даярдыкта экендигин далилдей алышты. Ошондой эле ЮНИСЕФ менен биргеликте өзгөчө кырдаалдар учурунда коопсуз жүрүм-турумду үйрөтүү боюнча тренинг жана симуляция сессиялары өткөрүлдү.

Жарандык Коргоо штабынын мүчөлөрү окуу кабинетинде коркуп жашынып калды деп табылган окуучуга ыкчам жардам көрсөтүү эрежелерин чагылдырышып, тез жардам көрсөтүү тобуна өткөрүп берүү иш аракеттин так аткарышты. Мугалимдерден түзүлгөн топтор окуучуларга үстүртөн көзөмөлдөө менен бирге окуу кабинеттеринин каалга терезелеринин, коңулдарга бекинип калгандардын жок экендигин аныктап, инструкция боюнча иш алып барышты. Окуучуларга жана кызматкерлерге штабдын башчысы Баштыкбаев Бектур Токтосунович өрт жана андан коргонуу боюнча кетирген мүчүлүштүктөрдү аныктап, өз баасын берди. Ошондой эле кийинки машыгууларда эвакуациялоо убактысын , кырсык боюнча кабарлоо коңуроосунун узактыгы, биринчи медициналык жардам көрсөтүү боюнча да адис катары өз кеңешин айтты. Бүгүнкү машыгууда ар бир окуучу өрт учурунда катталган эң алгачкы жасала турган иш аракеттер менен таанышып, алгачкы жардам көрсөтүүнүн эрежелерине күбө болушту. Машыгуу так жана туура аткарылды.

Машыгуунун отчетун жазган
Аскерге чейинки даярдоо мугалими
Баштыкбаев Б.Т.

Мектеп директору Исанова Ж. М.